УДК 52.8

*Эргашов С., г.и..к., Дилишатов Ө.У., ага окутуучу*
*Кыргыз-Өзбек университети*

# КЫРГЫЗДАН ЧЫККАН АЛГАЧКЫ САЯКАТЧЫ-ГЕОГРАФ

# ПЕРВЫЙ КЫРГЫЗСКИЙ ПУТЕЩЕСТВЕННИК-ГЕОГРАФ

# THE FIRST KYRGYZ TRAVELLER GEOGRAPHER

***Аннотация:*** *Макалада тарыхый-географиялык багытта Кыргызстандагы Ош шаары тууралуу ири саякатчылардын кошкон салымы жана кыргыздан чыккан биринчи географты окурмандарга тааныштыруу максаты коюлду. Кыргызстандын физикалык жана экономикалык географиясы предметине таандык болгон тарыхый инсан тууралуу жазылды. Кыргызстандын алгачкы саякатчы географтарын тарыхый салыштыруу методу менен үйрөнүлдү. Алынган илимий жыйынтыкта Кыргызстандын түштүгүндөгү Ош шаары, Ак-Буура дарыясы, Сулайман-Тоо жөнүндөгү Жакут Абунун илимге кошкон салымы такталды. Кыргызстандагы эң байыркы Ош шаары жана анын айланасындагы илимий маанидеги Жакут Абунун эмгектерин баалоо жана практика жүзүндө колдонуу ыкмалары сунушталды.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются данные о территории Кыргызстана и древнего города Ош, в целях изучения древних времен путешественниками и географами. Эти данные изучаются предметами физической и экономической географией Кыргызстана. Материалы изучены сравнительно - историческим методом. В итоге научного исследование уточнены данные города Ош, реки Ак-Буура, горы Сулайман-Тоо и вклады географа Жакут Абу.*

***Abstract:*** *The article presents data on the territory of Kyrgyzstan and the ancient city of Osh, in order to study ancient times by travelers and geographers. These data are studied by the physical and economic geography of Kyrgyzstan. The materials are studied in a comparative-historical way. As a result, the scientific study refined the data of the city of Osh, the Ak Buura River, Sulaiman-Too Mountain and the contributions of the geographer Zhakut Abu.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Байыркы Ош, Сулайман-Тоо, Бухария мавзолейи, үч дарбаза, «Ыйык-Тоо», Өзгөн, Куба шаары, түрк-монгол, Эне-Сай кыргыздары, Батыш Түрк, Караханд*

***Ключевые слова:*** *древний Ош, Сулайман-Тоо, мавзолей Бухария, «священная гора», Узген, город Куба, тюрк-монголы, Енисейские кыргызы, Западные Тюрки, Караханиды.*

***Key words:*** *Ancient Osh, Sulaiman Too Mountain, the mausoleum of Bukhara, saint mountain, Uzgen region, Kuba city, Turkic Mongols, Yenisei Kyrgyz, Western Türks, Karakhanids.*

**Киришүү.** Биздин интелигенция тарыхый-географиялык илимдин маалыматтарын келечекте колдоно билүүсү милдет. Ушундай жагдайда тарыхый инсан, кыргыз тегиндеги Жакут Абунун басып өткөн татаал өмүр жолу, араб жерлериндеги башынан өткөргөн кыйынчылыктарын жаш муундар билүүгө тийиш. Анын география, тарых ж.б. илимдерине кошкон салымдарын үйрөнүү биздин милдетибиз.

**Маселенин коюлушу**. География илимдер системасында анын өнүгүшүнө себепчи болгон тарыхчы-географтар болгон. Региондук географияда анын ичинде Кыргызстандын аймагын изилдеп кеткен байыркы кыргыздан чыккан саякатчы-географ болгондугу тууралуу маселе чечилди. Биз тарыхый-географиялык эмгектерди үйрөнүүнүн негизинде алгачкы кыргыз географын аныктаганга жетиштик жана Жакут Абу жөнүндө төмөнкүдөй маалыматтар берилди. Жакут Абу-XII кылымдагы көрүнүктүү саякатчы-географ. Ал Византиялык гректерге бала кезинде туткунга түшүп кул болгон кыргыз тектүү инсан эле. Жакут (арабча Йакут) деп кулдарды кемсинтип, асыл таштын атын коюшчу. Балалык кезинде гректер колунда ар кандай жумуштарды аткаруу аркылуу алыскы аймактарга жумуш иштери менен барып - келип турган. Өспүрүм жашында азаттыкка чыкканда деле бул аты унутта калган эмес. Ал көп учурларда китеп окуу менен, өзү туулган жери жөнүндө эмгек жазууну эңсеп жүргөн. Ал араб, грек тилдерин жакшы билген. Акырындык менен географиялык кол жазмаларды жазууга киришет (1-с\рът).

1224-жылы ал «Өлкөлөрдүн аттарынын алфавиттик жыйнагы» деген эмгегин жазган. Анда кыргыздар жөнүндө маалыматтар бар. Кыргыздын бир катар шаарлары, кыштактары «Ош Ферганaнын чет жакасындагы чоң шаар. Ал Куба шаарына жакын. Бул шаардан бир топ илимпоздор чыккан; алардын арасында Омор ибн Муса ал-Оши бар. Мусулман мыйзамчысы ал-Оши 1125-жылы декабрында каза болгон».

Жакут кыргыз шаарлары жөнүндө, Сулайман-Тоо жөнүндө жана Ош шаары жөнүндө жазган. «Узкан – Мавераннахрдагы шаар; Ферганадагы аймактардын бири. Андан илимпоздор тобу чыккан» деп жазган. “Сулайман-Тоо кыргыздын бейиштей касиеттүү керемет жери, Ак-Буура дарыясы менен түздө жайгашкан, Сулайман-Тоо ошо аймакка микроклимат түзөт. Кыргыздын Меккеси. Анда вазир болгон Асаф ибн Бухариянын мүрзөсү бар” деп белгилеген.

Сулайман-Тоо жөнүндө ар кандай уламыштар бар экенин эскерип, тоо кыргыздын бейиштей, касиеттүү керемети экенини жазган. Ал белгилегендей, Ак-Буура дарыясы менен түздө жайгашкан. Сулайман-Тоо ошо аймакка салкын аба-ырайын түзөрүн айтат.

Жакут Абу араб өлкөлөрүнө салыштырып, ажы адам, акылман-саякатчы-географ катары Ошту кыргыздардын Меккеси дейт. Анткени бул аймакка элдер сейилдеп, соода менен эле келбей, зыярат кылып, мусулманчылык милдеттерин аткаруу салтын кылып турушкан.

Жакут Абудан кийинки саякатчылар дагы Сулайман-Тоонун ыйыктыгын даңазалоо үчүн Жамал Карши төмөнкүдөй: «Ош шаарындагы Бараки (Сулайман) тоосунан анча алыс эмес жерде вазир Асаф ибн Бухариянын мүрзөсү бар» деп билдирген. Бухария Сулайман пайгамбардын таякеси, жакын пикирдеши, ишенимдүү вазири болуптур. Тоодо Бухариянын мавзолейи бар. Ал коoздолуп, курулушу Орто кылымдагы Азия үлгүсүндө Акмат уста салган. Бийиктиги 9 м [4].

Мусулман динин жайылтыш үчүн ал тоонун ыйык касиетин пайдаланып, XII-XX кылымда Ферганaнын аймагындагы эң ыйык жай деп элди сыйындыруу болгон.

Жогорудагы тарыхый-географиялык баалуу жана так илимий маалыматтар мурдагы, азыркы жана келечектеги кыргыз жарандарына жана жаштарына көптөгөн илимий булак болуп берет.

Ошентип, Жакут Абу эзелки кыргыздан чыккан саякатчы-географ болуу менен бирге энциклопедист илимпоз экендигине шек жок.

**Жыйынтык:**

1. Кыргызстандын түндүк аймагында төрөлүп, тарыхый-географиялык жашоо шарттын кесепетинин терс таасири менен XII кылымдагы кыргыздан чыккан арабиялык географ Жакут Абу болгону такталды.
2. Сулайман-Тоо деген аталыш Али ибн Сулайман Дөөт Ускани – деген илимпоздун аты-жөнү экени аныкталды.
3. Азыркы Ош шаарынын борборунда эң байыркы кыргыз шаары болуп, үч дарбазалуу сепил сымал, дубалдуу экени изилденип, археологиялык илимдин негизинде аныкталды.

**Адабияттар:**

1. Абытов Б.К. Ош: факты, события и личности [Текст] / Б.К. Абытов. – Ош; 2000. – С.205.
2. Древний Ош в Среднеазиятском континенте [Текст]: Тезисы докладов международний конференции «История и культура Оша и Ошской области в монголскую эпоху». Ош, 28-30 октября (1988). – Ош, 1988. – С.78.
3. Кыргыздардын байыркы мезгилдерден XIX кылымдын соёуна чейинки тарыхы [Текст]: Жогорку окуу жайлар \ч\н окуу китеби / «Кыргызстан-Сорос» фонду, -1998. – б.394.
4. Сыдыкова К. Кыргыз тарыхы: Илимий-тарыхый эмгек [Текст] / К. Сыдыкова. – онд., 4-бас. – Б.: Турар, -2011. – б.804.